**УДК 37:371.31**

**ДӨӨЛӨТБАКОВА Р. Ж.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ДООЛОТБЕКОВА Р. Ж**
КНУ им. Ж. Баласагына
**DOOLOTBAKOVA R.**
KNU J. Balasagyn

# ЖУСУП БАЛАСАГЫН – МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА КООМДУК ИШМЕР ЖУСУП

## БАЛАСАГЫН – ГОСУДАРСТВЕННЫЙ И ОБЩЕСТВЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ
## ZHUSUP BALASAGYN – A STATESMAN AND A PUBLIC FIGURE

**Аннотация:** Жусуп Баласагын көркөм поэтикалык, философиялык-этикалык мазмундуу поэмасында мамлекет башчысынын идеялдуу образын түзгөн. Улуу ойчулдун этикалык концепциясына ылайык жашоонун маңызы, максаты – адам деген ыйык атты ардактап, адилет, ак өмүр сүрүп, акыл менен иш жүргүзүп, колдо барына каниет кылып, бактылуу жашоо. Билим жана акыл-эс аркылуу бакытка жетүү концепциясы поэманын өзөгүн түзөт. Чындыгында акыл-эстин билимдин китеби “Куттуу билим” - өз мезгилинин педагогикалык энциклопедиясы, мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу үлгүсү.
**Аннотация:** Жусуп Баласагын создал идеальный образ главы государства в своей художественно-поэтической, философско-этической поэме. Согласно этической концепции великого мыслителя, смысл и цель жизни состоит в том, чтобы прожить счастливую и праведную жизнь, делать дело мудро, довольствуясь всем, что имеется. Концепция достижения счастья через знание и разум состовляет тему стихотворения. По сути, книга познания ума “Кутадгу билиг” – педагогическая энциклопедия своего времени, идеальная модель государства.
**Annotation:** Jusup Balasagyn created an ideal image of the head of state in his artistic, poetic,philosophical and ethical poem. According to the ethical concept of the great thinker, the meaning and purpose of the life is to live a happy life, honoring the holy name of man, to lead a just and righteous life, to do things wisely, being content with everything that is available. The concept of achieving happiness through knowledge and reason is the theme of the poem. In fact, the book of knowledge of the ming “Kutadgu bilig” is a pedagogical encyclopedia of its time, an ideal model of the state.
**Негизги сөздөр:** мамлекет коом, концепция, , ойчул, адабият, маданият
**Ключевые слова**: государство, социальный, концепция, мыслитель, литература, искусство
**Keywords:** basic, words, state, social, concept, thinker,literature, art.

Жусуп Баласагын X-XI-кылымда жашаган акын, ойчул, окумуштуу, мамлекеттик жана коомдук ишмер. Жусуп Баласагындын өмүрү (1018-1086-жж.) туура келет. Карахандар мамлекетинин доорунда жшаган. Карахандар мамлекети X кылымдын орто чениненен XII кылымдын башталышына чейин Оро Азия, Кыргызстандын аймагын да бийлеп турган. Карахандар заманында адабият, маданият илим, билим кыйла өнүккөн.

Чыгыш элдери үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон, илимдин бардык тармактары менен тааныш болгон энциклопедист ойчулдар: Аль-Хорезми, Аль-Кинди, Аль-Фараби, Аль-Абу Хусеин ибн Абдулла ибн Сина, Бируни, Махмуд Кашгари, Ибн Рушд сыяктуу улуу ойчулдар,философтор жана таланты менен дүйнөнү тамшандырган, Фирдауси, Рудаки, Омар Хаям, Алишер Наваи, Жусуп Баласагын өңдүү алп акындардын баалуу эмгектери жазылган мезгил. Аль-Ферганинин "Астрономиянын башталмасы," Аль-Хорезминин "Астрономиялык таблицалар" аттуу чыгармалары жана Аль-Фараби, Аль-Абу Хусеин ибн Абдулла ибн Синанын "Медицина канондору" деген көп томдуу эмгеги бүгүнкү күнгө чейин медицина жаатында жалпы адамзат үчүн шам чырак болуп келет.. Жогоруда аты аталган окумуштуу, философтордун табият таануу тармагында жазган эмгектери орто кылымдагы күн чыгыш элдеринин гүлдөп өнүккөн маданиятынан кабар берет.

Жусуп Баласагын жалпы түрк калктарынын, анын ичинде кыргыздардын бабасы болуп саналат. 1015-1018-жылдардын ортосунда Чүй боорундагы Токмок шаарынын жанындагы Баласагын шаарында туулган. Ошол учурдагы салт боюнча толук ысымын (нисбасын) ошол шаардын атынан алган. Жусуп Баласагындын өмүр жолу жөнүндө учкай маалыматтар "Кут билим" поэмасынын кара сөз жана ыр түрүндөгү кириш сөздөрүндө, II бөлүмүндө жана акыркы үч бөлүмүндө айтылат. Чыгарманын башталышында эле автор өзүнүн Баласагындык (Күз Ордолук) экенин белгилейт. .[1. 17, 23].

Баласагын шаары - азыркы Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө жайгашкан орто кылымга таандык шаар болгон. Баласагын (Күз Ордо) – Карахандар мамлекетинин ири шаары болгондугу, азыркы Токмокко 11 км. жакын жерде жайгашкандыгы тарыхта белгилүү. Баласагын шаары тууралуу биринчи маалыматты бизге берген араб автору Аль- Мукаддасинин (Х к.) айтуусу боюнча бул шаар башка шаарлардан чоңдугу жана калкынын көптүгү менен айырмаланып турган. Ошондой эле В. В. Бартольд менен А. Н. Бернштам жана башка илимпоздордун бир тобу тарыхый жазуу маалыматтарга жана археологиялык табылгаларга таянышып, байыркы Баласагын шаарын азыркы Токмок шаарынын жанындагы Бурананын аймагында болгон деген тыянакка келишкен.

Жусуп Баласагын өз мезгилинин билимдүү инсаны катары ал философия, теология илими, астрономия, геометрия, арифметика жана табият таануу илимдерин жакшы өздөштүрүүнүн натыйжасында тез эле эл оозуна алынып, өз доорунун эң алдыңкы адамы катары коомчулукка белгилүү болгон. Ошондой эле поэзия, саясат, шахмат искусствосу боюнча терең маалыматы бар билимдүү инсан болгон. Жусуп Баласагын адабият, тарых, философия, этика, эстетика маселелерин, араб жана иран-тажик поэзиясын, түрк, иран-тажик фольклорун мыкты билген. Поэмадан Жусуп Баласагындын көрүнүктүү акын, өтө жогорку билимдүү адам, адамдын ички дүйнөсүн ача билген акылман, философ, окумуштуу энциклопедист, араб жана фарсы поэзиясын жана түрк фольклорун бардык ийне жибине чейин өздөштүргөн акын; ал астрономия менен математикадан, медицина менен элоквенциядан, шахмат менен элдик оюндардан, мергенчилик менен куш таштоодон жана башка көптөгөн иштерден кабардар болгон. Анын поэмасында "Манас" эпосу жана кыргыздын макал-лакаптары, учкул сөздөрү менен үндөшкөн жерлери көп.

Жусуп Баласагын өзүнүн энциклопедиялык мааниге ээ болгон "Кутадгу билиг, "Кут билим» («Куттуу бийлик)" аттуу дидактикалык-философиялык поэмасын Х кылымдын орто ченинде хижранын 462-жылы (биздин замандын 1069-1070-жылдары) он сегиз айдын ичинде жазган. «Кут» деген сөз төмөнкүдөй кеңири чечмелөөгө ээ болгон. Кут – айкөлдүк, чындык, ырыс, дөөлөт, зоболо, даража. Илим-билимдин жана төрт өзөктүн тунук башаты - кут.

Кут бир келет - бакпасаң кетип калат,

Бак бир конот - үйлөсөң өчүп калат Билимдүүгө окуу жолдош бир тууган,Түркөй айдайт кулагынын сыртынан Билимдүүгө окуу – кийим аш болот, Билимсиздер ушак менен дос болот

Куттуу адам - акылман, боорукер, кечиримдүү, айкөл, ак дилдүү, бактылуу, таалайлуу адам болуу дегенди билдирет.. Куттуу үй – жарык, жылуу, ырыс-кешиктүү, ата-эне мээримин төгүп, уул-кыз ойноп-күлүп, деги төрүнө чейин кут толо берекелүү. Куттуу мамлекет – ханы адил, эли тынч, ынтымактуу. Асабасы бийиктеп, эли ишмер, бүйрө, билги, өнөрман, кыйры чеп. Куттуу жер-суу – күнү мээлүүн, абасы серүүн, суусу тунук, өрүшү кенен, айдоосутүшүмдүү, ой-тоосу гүлзарлуу.

Жусуп Баласагын бул поэма жазылган адабий тилди «ана хакандар» тили деп атаган. Бул тил азыркы кыргыз, казак элдеринин түпкү тили болуп саналат. Жусуп Баласагын поэмасын Карахандар мамлекетинин башкаруучусу Табгач буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Өкүмдар ага ыраазычылыгын билдирип, «**Улук Хас-Хажиб»** (Улук көсөм) деген жогорку наам ыйгарып, өзүнө вазирлик Ордо министри кызматына алат. **Хас хажиб** наамынын өзгөчө нарктуулугу жана аны алып жүргөн адам бийик касиеттерге: акылмандык, айкөлдүк, билимдүүлүк, чечендик, кара кылды как жарган калыс болуусу керектиги чыгарманын башынан аягына чейин өзгөчө басым менен кайталанып турат “Кут билим” – философиялык мазмуну боюнча Чыгыш маданиятында кеңири тараган санат-насыят маанисиндеги этикалык-дидактикалык чыгарма. Поэмада автор өз заманындагы адеп- этикалык принциптерди, идеяларды ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен туташ байланышта карап, аларды акыл таразасына салып, баалап, нарктап ой толгогон. Ошондуктан бул чыгарманы адамзатка ар убак рухий нравалык азык болчу этикалык кодекс катары бааланат.

Жусуп Баласагын өз эмгегин жөн эле сыйлык катары эмес, ошондогу да, кийинки да бийлик ээлерине иш жүзүндө керек болоор акыл – насааттардын жыйындысы катары берген.

Тартуунун алгандырсың жүзүң – миңиң,Тартуум сага берер:

«Куттуу билим».

Белектин бары бүтөт, жок да арга,

Мен берген түтөт, турат кылымдарга! Чогулткан байлык кетээр суудай агып,Жазуунун өмүрү узун, Күндөй жарык

«Кут билим» кара сөз жана ыр түрүндөгү эки кириш сөздөн, автор түзгөн тематикалык көрсөткүчтөн, 85 бөлүмдөн, 6645 ыр сабынан жана ыр түрүндөгү үч жыйынтыктан турат. Поэманын негизги сюжеттик бөлүгүндө кириш сөзүндө 77 бейт бар. “Артык жок го бу дүйнөдө илимден” (60-бейт) деп ойчул акын илимди адам өмүрүндөгү изгилүү сапаттардын эң башкысы катары баалайт. Окуу илим, билим гана адамдагы жакшы сапаттардын өзөгүн түзөт.

Поэманын башталышында исламдын жалпы жоболору тууралуу айтылат. 6-11- бөлүмдөрдө адам баласынын эң жакшы сапаттары билими менен акылында экендиги, тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны, жакшы касиеттердин нарк нускалуу пайдасы, жаман иштердин зыяны туурасында баяндалат. «Кут билимдин» этикалык мазмунун төмөнкү

өзөктүү түшүнүктөр түзөт: **адилеттик, бакыт, акыл-эс, каниетчилик**. Бул түшүнүктөр конкреттүү каармандардын: өкүмдар Күнтууду – адилеттик, вазир Айтолду – бакыт, дөөлөт, вазирдин уулу Акдилмиш – акыл-эс, вазирдин иниси Өткүрмүш – каниетчилик. Көрүнүп тургандай поэманын персонаждарынын ысымдары аллегориялык символикалуу мазмунга ээ. Жусуп Баласагындын поэмасында башкы каармандар Күнтууду, Айтолду аталып калганы, Күн менен Ай бири-бирисиз болбогондой эле, чыгарманын башкы каармандары аллегориялуу түрдө туюнтуп турган адилеттик менен бакыт да ажырым болбойт. Ушул ойду автор каармандардын аттары аркылуу «Кут билим» поэмасында өзүнүн өрнөктүү өнүгүшүн тапкан адам өмүрүндөгү өзөктүү дөөлөттөрдүн көркөм образ менен берилген философиялыктуюнтмасы.

«Кут билим» поэмасынын бешинчи бөлүмүндө ойчулдун космологиялык түшүнүктөрү жазылган. Ал асман кубулуштарынын түзүлүшүнүн жана кыймыл жолдорунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүүгө аракеттенген. Орто кылымдагы космологиялык окууларга мүнөздүү болгон салтка ылайык Жусуп Баласагын да микро жана макро дүйнөнүн турган биримдигине өзгөчө философиялык маани берген. Автордун космологиялык концепциясы: он эки топ жылдыз үчтөн биригип, төрт топко бөлүнөт. Биринчи үчтүктөн – **от,** экинчисинен
- **суу,** үчүнчүсүнөн – аба, төртүнчүсүнөн - жер пайда болот. (143-бейт). Жусуп Баласагын аалам менен адамды ажырагыс биримдикте караган төрт негизге (аба, жер, от, суу) адамзатка айрыкча мүнөздүү болгон төрт этикалык идеалдуу касиетти – адилеттикти, акыл-эсти, бакыт- дөөлөттү, каниетчилдикти туташ байланыштырат. Ойчул, акыл жалпы адамзатка кудайдын ыктыяры менен берилген касиет экендиги, бирок адам өз өмүрүндө аны социалдык практиканын окуу, үйрөнүү, үлгү алуу сыяктуу жолдору менен гана байыта ала тургандыгын айтат. Жусуп Баласагын акылды жалпы адамзатка тиешелүү касиет катары баалап, бир жагынан акыл-эс адамга анын табиятынан тубаса мүнөздүү экендигин, экинчи жагынан окуу аркылуу ал акылын дагы өркүндөтө аларын акыл адамдын чыгармачыл табиятынын негизи экендигин айтат.(1682-1683-бейттер). Окууну дүйнө таанып билүүнүн эң башкы жолу катарыбаалайт. Окуу менен гана адам баласы акылын арттыра алат (1828-бейт). Албетте, ойчул акын акы-эсти адептүүлүктүн, адилеттиктин, адамгерчиликтин асыл кенчи деп билген.(1837- бейт).

Жусуп Баласагындын дүйнө түшүнүү системасында акыл-эстин эки деңгээли бар. Бири, практикалык – эмпирикалык үлгү алуу, үйрөнүү. Экинчиси, теориялык – билим. Экөө биригип адамдын жакшы менен жаманды, ак менен караны ажырата билүүсүнө жол ачат. Теориялык тааным – окуу, үлгү алуу, үйрөнүү – нарктуу жүрүш-турушту, адамдагы асыл сапаттарды, касиеттерди үйрөнүүнүн жолу. Билимдин бир гана жеке адамдын эмес, бүткүл коомдук социалдык кызыкчылыктарына кызмат этүүсү зарыл, башкача айтканда, ал билимдүүнүн өзүнө гана эмес жалпы коомго пайда алып келүүсү керек.

Поэмада мамлекетти кантип башкаруу, кантип саясат жүргүзүү керектиги, окуу менен билимдин пайдасы, тилдин асыл сапаттары жана пайда зыяны тууралуу баяндалат. Ал өтө бай тарыхый этнографиялык, лингивистикалык, социологиялык, энциклопедиялык маалыматтарды өз ичине камтыйт.

Жусуп Баласагындын «Кут билим” поэмасында өзү жашаган коом тууралуу энциклопедиялык мааниде Карахандар коомунун структурасы**,** мамлекеттик башкаруу тууралуу баяндайт. Коом негизинен ак сөөктөр жана караламан калк деп экиге бөлүнөт. Ак сөөктөргө өкүмдар өзү, анын вазири, аскер башчысы, бектери жана башкалар турат. Караламан калк – дыйкандар, малчылар, кол өнөрчүлөр ж.б. Эл Карахандар мамлекетинде

байлыгына, мал-мүлкүнө карап, (байлар, орто байлар, кембагалдар), жана социалдык тегине карап (дыйкан, кол өнөрчү, соодагер ж.б.) бөлүнгөн. Автор өз доорунун өз коомунун өкүлү, реалист ойчул катары коомдук мамилелерди болгонун болгондой сүрөттөп, аялзатынын үй- бүлөдөгү орду, коомдогу абалы тууралуу да баяндаган.

Жусуп Баласагындын поэмасында мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу үлгүсү берилген. Анын ырааттуу иерархиялык социалдык-саясий баскычтардан турган структурасы бар. Мамлекеттин элдин башында адилеттикти, калыстыкта нарктаган өкүмдар турат. Ал адамгерчилик сапаттардын мыктыларын гана өз оюна карк кылган, ар тараптуу билими бар инсан. «Кут билим» поэмасында өкүмдар үчүн зарыл адеп-нравалык принциптердин системасын иштеп чыккан.

Жусуп Баласагын мамлекет башчысынын идеялдуу социо-этикалык образын түзгөн. Ойчулдун идеясына ылайык эл башында даанышман акылы бар билимдүү гана инсан турат. Акылдуу билимдүү өкүмдар гана өзү башкарган элдин кызыкчылыгын коргой алат. Өкүмдардын акылдуулугу жана билимдүүлүгү, адамгерчиликтин асыл жактарын аркалаган адилеттиги, кеменгерлиги, жоомарттыгы коомдук турмуштун бакыбаттыгынын бирден бир зарыл шарты деп түшүнгөн.

Адилеттүү болуп турса бек киши, Ошончолук жыргал болот эл ичи. (455-бейт)

Элдин кызыкчылыгын коргоо, калк талабын канааттандыруу үчүн кызмат кылуу – Жусуп Баласагындын негизги принциби. Өкүмдар ак сөөк болуп калуу менен эле бул маселелер чечиле койбостугун, анын саясий-дипломатиялык жөндөмдүүлүгү, акыл-парасаты да маанилүү роль ойной тургандыгын белгилейт.

Гуманист ойчул акын эзүүчүлүктү, таптык текеберчиликти, кекирейүүчүлүктү, ач көздүктү жектеп, адамдын мейли бай, мейли кедей болсун, кадыр-баркын жогору баалаган. Хандар, бектерге кайрылып, автор, аларды кенендикке, кеменгердикке, сабырдуулукка, боорукедикке, дыйкандардын, малчылардын, кол өнөрчү усталардын ак эмгегин адилет, калыс баалоого үндөгөн. Автордун ою боюнча ошондо гана коомдо бактылуу жашоо турмуш,үлгүлүү мамилелер болот деген.

Коомдогу гармониялуу мамилелердин бирден бир зарыл шарты катары автор гумандуу адилет мыйзамдардын болушун ашкере баалаган. Адилеттикти, калыстыкты сап туткан мыйзамдар болгон коомдо гана ар бир үй-бүлөдө бактылуу турмуш өкүм сүрөт. Ал эми адилет мыйзамдарды акылдуу, билимдүү өкүмдар гана чыгарып, ошолордун негизинде бийлик (саясат) жүргүзөт. Ошентип, өкүмдар Күнтуудунун адилеттиги, мыйзамдуулукту символдоштуруп турат. Эл башы мыйзамга таянып, адилет бийлик жүргүзгөндө гана идеялдуу коомдук жана мамлекеттик түзүлүш курулат деген ойду автор айрыкча арзуу менен айтат. Автордун ою боюнча өкүмдарга өтө керектүү сапаттардын бири мээрмандык . Өкүмдарэлин ойлоп, элине жакшылык кылып, колдо барын кедей-кембагалга таратып туруусу зарыл. Көр дүйнө үчүн өкүмдардын күйүп-бышканы жарабайт. Ал өз напсисин бекем кармоосу абзел. Бек кишиге көр дүйнөнүн кулу болуу, байлыккка чиренип башкаларга текеберленүү, ачкөз болуп аксымдануу жарабайт. Байлыкка кызыгып, өзгөгө зыян келтирип, канын төгүү өкүмдар үчүн чоң күнөө. Анткени:

Байлык деген туздуу суу тазарбаган,<br>
Тил катып суусаганда кандырбаган.(1451-бейт)

Автор өкүмдар өзгөчө сак болчу, өзүнө такыр жолотпой турган зордукчулук, кек сактап кекенүү, кекирейүү, бузукулук, аракечтик сыякту кемчиликтердин зыяндуулугун, элди күч менен эмес, мыйзам менен башкаруунунун зарылдыгын атайын эскертет (1432-1435-бейт.)
Адилет бол, зулумдукту тебеле
Топук кылып, караны акка теңебе (1451-бейт.) деп өкүмдарды дагы бир жолу актыкка, адилеттике үндөйт.
Жусуп Баласагын бек наркы менен эл наркын туташ биримдикте караган. Эгер өкүмдар
же бек канчалык акылдуу, билимдүү болсо, анын эли да ошончо нарктуу, салттуу болот. Андай эл адамгерчиликтин эң асыл сапаттарын ашкере аздектеп баалай билет дейт улуу ойчул (887, 891-бейт.).
Ал эми өкүмдар же бек актыктан, адилеттик жолдон тайса, анда ал оң жолунан адашат (282- бейт.) Автордун ою боюнча, ал мамлекеттин, анда жашаган элдин бакыбат, бейпил турмушу билимдүү, акылдуу, адилет өкүмдардын бийлигине байланыштуу болот деген.
«Куттуу билим» Орто Азия жана Чыгыш Түркстанда жашаган түрк урууларына орток адабий мурас. «Кутадгу билиг» поэмасынын түп нускасы араб тамгасы менен түрк тилинде жазылган үч нускасы сакталып калган. Бир нускасы Вена шаарында, экинчи нускасы Египеттин борбоу Каир шаарында сакталууда Эң биринчилерден болуп, 1439-жылы Афганистандын Герат шаарында араб арибиндеги көчүрмөсү табылган. Бул кол жазма колдон колго өүп жүрүп, белгисиз жолдор менен Түркиянын Токат шаарына алынып келинген. Экинчи нускасы 1896-жылы Каирдин Хифдив китепканасынан немец окумуштуусу Мортис тарабынан табылган. Чыгарма көпөгөн тилдерге которулган Анынсүрөт көчүрмөсүн 1898-жылы академик В.В.Радлов Петербург академиясынын Азия музейи үчүн атайын алдырган. Азыр ал Россия Илимдер Академиясынын чыгыш таануу институтунун Санкт-Петербургдагы бөлүмүндөгү кол жазмалар фондусунда сакталып турат.Үчүнчү эң толук нускасы 1913-жылы Валидов деген адам тарабынан Наманган шаарындагы Мухаммед Кожо олуя кишинин өздүк китепканасынан табылган. Азыр Ташкентте Беруни атындагы Чыгыш таануу институтунда сакталып турат. Поэманын көлөмү 13444 сапты түзөт, андан тышкары кара сөз түрүндө жазылган чакан кириш сөзү бар.
«Куттуу билим» поэмасы көп тилдерге которулган.
Улуу ойчул философ Жусуп Баласагындын поэмасы сыймыктанып айтууга арзырлык көркөм поэтикалык гана эмес, ал белгилүү бир концептуалдуу философиялык-этикалык мазмундуу чыгарма.. Ушул рухий дөөлөттөрдү сап тутуп жашаган билимдүү адам гана өз өмүрүн сан өткөрбөгөн болот. Чындыгында акыл-эстин билимдин китеби «Кут билим» - өз мезгилинин педагогикалык эциклопедиясы, анын тарбиялык касиети азыркы күндө да абдан күчтүү.
Жусуп Баласагындын поэмасында мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу үлгүсү берилген. Анын ырааттуу иерархиялык социалдык-саясий баскычтардан турган структурасы бар. “Кут билим” поэмасында ойчул өкүмдар үчүн зарыл адеп-нравалык принциптердин системасын иштеп чыккан. Ошол салттуу жолду тутуп, мамлекет башчысынын идеялдуу образын түзгөн.
“Адилеттүү болуп турса бек киши, Ошончолук жыргал болот эл ичи” (455-бейт.).
Элдин кызыкчылыгын дайыма коргоо, калк талабын канааттандыруу үчүн кызмат кылуу Коомдогу мамилелердин бирден-бир зарыл шарты катары автор гумандуу адилет мыйзамдардын болушун ашкере баалаган. Адилеттикти, калыстыкты сап туткан мыйзамдарболгон коомдо ар бир үй-бүлөдө бактылуу турмуш. элде эркин, бейпил тынч жашоо өкүм

сүрөт. Эл башы мыйзамга таянып, адилет бийлик жүргүзгөндө гана идеялдуу коомдук жана мамлекеттик түзүлүш курулат

Жусуп Баласагындын "Кут билим" поэмасында бүгүнкү күнгө чейин илим адамдары жүздөгөн илимий эмгектерди жазышып, аны ар тараптан терең изилдешип, өздөрүнүн ар кандай көз караш, ой-пикир жана жеке бааларын берип келишет. Мисалы, чыгарманын атынын аталышы туурасында:"Бактылуу болуунун билими", "Кут табуу илими,""Бакыт табуу илими," "Кут алчу илим," "Саясий күчкө ээ болуу кудурети," "Бакытка алып барчу илим," "Падышаларга ылайык илим," "Эгедерлик билими,""Саясий ээлик билими," "Мамлекет болуунун билими," "Мамлекеттүү болуунун билими," "Бактылуу болууну айткан илим," "Мамлекеттүүлүкө жетүүнүн билими" жана "Дөөлөткө жетүүнүн билими" сыяктуу маанилерди беришкен.

«Жусуп Баласагындын соңку урпактарга түбөлүк белек катары арнаган өлбөс дастанын «Куттуу билим» деп атаганы да түрк калкынын ишениминдеги бардык жакшылыктын жышаанасы ушул Кут – куттуулуктун сыйкыры, даарышы, касиети аны ынандырды». (Түгөлбай Сылыкбеков)

"Кут билим" поэмасын изилдөөчүлөрдүн бири А.Н.Кононов этикалык масштабдагы чыгарма катары баалап, анда адам өмүрүнүн мааниси жана маңызы, анын коомдогу жүрүм- турум нормалары жана милдеттери, ойчулдун өз коомуна карата сын көз караштары чагылган философиялык жагын өзгөчө бөлүп көрсөтөт. .[2. 507].

Жусуп Баласагын өз эмгегинде идеялдуу мамлекеттин моделин түзүп кыялданган. Анын ою боюнча ал мамлекеттин, анда жашаган элдин бактылуу, бейпил турмушу билимдүү, акылдуу, адилет өкүмдардын бийлигине байланыштуу. Ойчулдун түшүнүгүндө адам өмүрүнүн башкы максаты – бактылуу жашоо, башкача айтканда адамдын бактысы - дөөлөт. Дөөлөткө жетиш үчүн бүтүн дүйнө менен биримдикте болуу керек

Бактыңа душман болбо таза сакта, Орунсуз жаман
сөздү эч кимге айтпа.Акыл сөз жана мыкты эмгек
менен, Эстелик калтырасың өчпөс терең.
Жатсаң да топуракта жарык көрбөй,Эл жаттап
акыл сөзүң калат өлбөй. Арзыгын Адам деген
атка, Адам, Байлыкка намыс-арды сатпа, Адам!
Жусуп Баласагын

**Колдонулган адабияттар:**


1. Жусуп Баласагын Кут алчу билим. Фрунзе, 1988. 17, 23-бб.
2. Кононов А.Н. Поэма Юсуфа Баласагунского "Благодатное знание"//Юсуф Баласагунский.Благодатное знание.-М.,1963, 507-б.